**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

**Сабактын темасы: «Улуу Үркүн – кыргыз элинин эстен чыккыс трагедиясы».**

**(ачык сабак)**

**Сабактын максаты:**

**1. Билим берүү максаты:**

Окуучулар кыргыз элинин тарыхтагы эстен чыккыс трагедиясы “Улуу Уркундүн” тарыхый маанисин окмуштуулардын көз карашы аркылуу маалымат алышып, жаңы билимдерге ээ болушат жана билимдерин толуктайт;

**2. Өнүктүрүү максаты:**

Изилдөө иштеринин көндүмдөрү калыптанат, маалыматтарды тактап бөлүүгө, өз ойлорун ачык айтып берүүгө берилген тапшырманы мазмундуу аткарууга, өз эмгектерин презентациялоого үйрөнүшөт;

**3. Тарбиялык максаты:**

Кыргыз элинин улуттук боштондук көтөрүлүшүн окуп-үйрөнүү менен патриоттуулук, Ата Мекенди сүйүү, коргоо, сезимдерине ээ болуп, улуттук биримдикти андап – түшүнүшөт, адилеттүүлүккө, гумандуулукка тарбияланышат;

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде:**

- Тексти окуп жана жазып, анын мазмунун түшүнө алса;
- Түшүнгөнүн жана укканын адабий тилде мазмундуу айтып бере алса, суроо бере билсе;
- Логикалык жана сынчыл ой жүгүртө билсе, илимий эмгектер менен иштей алса;
- Окуялардын себебин жана натыйжасын көрсөтө алса.

**Сабактын тиби:** Алган билимдерин толуктоо жана өздөштүрүү

**Сабактын методу**: Көрсөтмөлүү жана изденүү ыкмасы

**Сабактын формасы:** Илимий – практикалык конференция

**Сабак аралык байланыш**: адабият, география

**Сабактын жабдылышы:** “Мамлекет тарых менен бекемделет” аттуу слайд, Ж.Турусбековдун “Ажал ордунда” драмасынан үзүндү, “Тарых жана маданият жылын” чагылдырган банер, сүрөттөр, карта Ж.Турусбековдун “Ук, жер жүзү”, И.Шайбековдун “Кайран эл” ырлары пайдаланылды.

**Чакырылган коноктор:**

**1. Асан Ормушов – тарых илимдеринин доктору, прфессор;**

**2. Аскар Беделбаев – тарых илимдеринин кандидаты, профессор, КМУУнун тарых факультетинин декканы;**
**3. Улук Болушов – “ Диолог Евразия” коомунун президенти.**

**Конференциянын жүрүшү.**
**Экранда “Улуу Үркүндү” чагылдырган слайд көргөзүлөт.**

**1-этап: Мугалимдин сөзү:**

Кыргызстан Орус империясына каратылгандан кийинки колониялык доордогу кыргыз элинин көз каранды эместик үчүн күрөштөрүнүн туу чокусу – 1916-жылдагы Улуттук боштондук кыймылы.

Үстүбүздөгү жылы көтөрүлушкө жүз жыл толуп олтурат. Мектептин “Мурас” илимий тобунун мүчөлөрү бүгүнкү конференцияга Улуттук боштондук кыймылды, андагы кайгылуу окуялардын учурунда баатырларча курман болгон ата-бабаларыбыздын арбагына таазим этүү иретинде изилдөө иштерин жүргүзүп келишти жана көтөрүлүштүн чыгышынын себебин, жүрүшүн, көтөрүлушкө жетекчилик кылган инсандарыбыз жөнүндө окуу китебинен эле окуп тим калбастан, тарыхый булактар, адабият, архивдик документтер аркылуу эле, бул трагедияны изилдеген окумуштууларды чакырып, алардын өз ооздорунан тарыхый чындыкты талдоо максатында бүгункү конференцияны баштап жатабыз.

(мугалим окумуштуулар менен тааныштырат)

**2-этап: Окуучулар топторго бөлүнгөн:**
**1-топ. Көтөрүлуштун чыгышынын себептери боюнча айтышат.**

**Арыкбаева Айсулуу:** “Кыргызстандагы 1916-жылдагы Үркүн – кыргыз элинин орус падышалыгынын колониялык саясатына каршы улуттук-боштондук күрөшү. Россия империясы Орто Азияда колониялык саясат жүргүзгөнү маалым. Кыргыздар орус падышасынын бийлигин таанып, анын буйрук, жарлыктарына ылайык милдеттүү болгон.

Падыша өкмөтү аймакты башкарууда жергиликтүү элдердин түпкү кызыкчылыктарын эске алган эмес. Колониялык саясаттын күчөшү, түпкү калктын нааразылыгын күчөткөн падышачылыктын жер саясаты Кыргызстандын түндүгүнө Борбордук Россиядан орус, украин дыйкандары көчүп келе баштаган.

Колониялык бийлик аларга ар тараптан колдоо көрсөтүп, кыргыздардын суусу мол, дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерин тартып берген. Анткени казак-орустар сыяктуу эле келгин дыйкандар дагы аймактагы падышачылыктын таянычы болмок. Кыргыздардын мыкты өрөөн-өтөктөрдөн ажыроосу алардын улуттук аң-сезимине терең таасир эткен. Айрыкча биринчи дүйнөлүк согуш маалында кыргыздардын абалы аябай оорлоп,

элдин кыжырдануусу күчөгөн. Согуш жылдары эгин аз эгилгендиктен түшүм эки эсе азайган. Малдын саны да кыскарган.

Жалаң гана согуштук керектөөлөр үчүн Жети-Суу облусунан жыйналган мал чарба азык түлүктөрдүн наркы 55 млн. сомго жеткен. Базар баасы абдан өскөн. Алык-салыктардын, ар кандай ыгым-чыгымдардын өлчөмү көбөйгөн. Мисалы, түтүнгө салынчу салык 4 сомдон 8 сомго өскөн. Өлчөмү 1 сом 84 тыйын болгон аскер салыгы да киргизилет. Падышалык чиновниктер согушту шылтоолоп, жергиликтүү калктан ат-төөлөрдү, кийим-кече, кийиз, боз үйлөрдү көп жыйнаган. Аскерге кеткен орус дыйкандарынын чарбасына кыргыздарды күчтөп иштеткен. Бул кыргыздардын абалын ого бетер начарлаткан.

Согуш жылдарында жергиликтүү элдин жерин тартып алуу улана берген. Алсак, Чүй өрөөнүндө гана 1915-жылга карата кыргыздардан 700 миңден ашык гектар жер тартылып алынган. Ал эми Түштүк Кыргызстанда 82 миң га жер орус дыйкандарына берилген. Наразычылыктын күчөшүнө орус төрөлөрүнүн, айрым келгин дыйкандардын жергиликтүү элдин маданиятын, каада-салттарын, динин, тилин басмырлоосу да түрткү болгон. 1916-жылы июнда жергиликтүү элдерди согуштук-оорук иштерине чакыруу жөнүндө падышанын Указы жарыяланган. Ансыз да кыжыры кайнап эл падышанын каарынан, мыкты куралданган аскерлеринен жалтанбай күрөшкө көтөрүлгөн.1914-ж. башталган дүйнөлүк биринчи согуш, согушка Россиянын катышуусу, ансыз деле эзилип, кыйналып турган колониялык элдин башына түппсөн мүшкүл болгон. Кыргыздар да жалпы элге түшкөн кыйынчылыктан четте калбастан согушка акча, кийим-кече, атчан аскерлер үчүн кыргыз жылкыларын жөнөтүп турган. 1916-ж. 25-июнундагы Падышанын Түркстандын элдеринен аскердик курактагы (19дан 43кө чейинки) эркектерди согуштук коргонуу жумуштарына алуу жөнүндөгү указы, ансыз да падышачылыктын эзүүсүнө, кемсинтүүлөрүнө, жеринен ажырагандыгына аран чыдаган элди биротоло дүрбөткөн.

Падышанын жогорудагы буйругу боюнча Түркстандын Сыр-Дарыя областы 60 мин, Самарканд областы 32,5, Фергана областы 51,3, Жети-Суу областы 43 мин кишини жөнөтүүгө милдеггендирилген”.

**2-топ. Көтөрүлүштүн жүрүшүн жана анын жетекчилери жөнүндө илимий далилдерин айтып беришет**.

**Аралбаева Нурай:** “Көтөрүлүш 1916-ж. 4-июлда Самарканд областынын Кожент шаарында башталып, тез арада Сыр-Дарыя, Фергана областтарына тараган. Фергана областындагы июль айындагы көтөрүлүшкө кыргыздар активдүү катышкан. Анжиян уездинин калкы чечкиндүү аракеттер менен падышанын указын аткаруудан ачык эле баш тартышып, атайын түзүлгөн тизмелерди жок кылышкан.

Бийлик өкүлдөрүнө, падыша чиновниктерине кол салышкан. Көтөрүлүшкө Кокон, Наманган уезддериндеги тоолук кыргыздар да активдүү

катышышкан. Наманган уездиндеги көтөрүлүшкө Таласбай Алыбаев жетекчилик кылган.

Боштондук кыймылы Кетмен-Төбөгө, Чаткалга, ТогузТоро өрөөндөрүнө тараган. Ош уездиндеги көтөрүлүш Сулайман тоосунун этегиндеги 10 миндей адам катышкан жыйын менен июлдун башында башталган. Өзгөндөгү көтөрүлүш да курч мүнөздө өткөн. Август айына карата Кыргызстандын түштүгүнүн көпчүлүк бөлүгү көтөрүлүшкө тартылган.

Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүш Түркстандын башка чөлкөмдөрүндөгү толкундоолордон айырмаланып, өтө курч мүнөздө болгон. Бул жакта элдик кыймыл мыкты куралданган падыша аскерлери менен куралдуу кагылышуу деңгээлинде өткөн. Көтөрүлүшкө кыргыз эли менен катар бул аймакта жашаган башка элдердин көпчүлүгү казактар, уйгурлар, дунгандар ж. б. катышкан.

Жети-Суу областынын ар кыл элинин өкүлдөрү катышкан алгачкы жыйын 10-июлда Каркыра жармаңкесине жакын Каман-Карагай деген жерде өтөт. Кеңешмеде аскерге киши бербөө, керек болсо колго курал алып падыша бийлигине каршы күрөшүү жөнүндө чечим кабыл алынган.

Көтөрүлүш июль айында башталып, августта күч алган. Түндүк Кыргызстанда алгачкылардан болуп куралдуу көтөрүлүшкө кеминдик кыргыздар чыгышкан. Бул көтөрүлүштүн жетекчиси катары манап Мөкүш Шабдан уулу хан көтөрүлгөн. Жергиликтүү элдин өз жериндеги феодалдык төбөлдөрдү хан көтөрүп өздөрүнө жетекчи кылышы элдин ан-сезимине сиңгеы салты менен байланыштуу болгон. Колониялык саясаттын азабын тарткан кыргыз элинин көпчүлүк төбөлдөрү кыйын кезенде эл менен бирге болушкан. 8-августта Токмокко жанаша жашаган айылдардын калкы көтөрүлгөн.

9-августта Ыбрайым Төлө уулу жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн чакан тобу Ысык-Көлгө бара жаткан аскерлердин жолун тороп, 178 мылтык жана 30 минден ашуун ок-дары жүктөлгөн арабаны колго түшүрүп алган".

**Аманидинова Гүлшах**: Менин айтайын дегеним өзүмдүн Баатыркан бабам тууралуу. Баатыркан бабабыз жөнүндөгү айтылып келген көрүнүктүү Эрнис Турсуновдун " Ата-Журт" тарыхый романындагы баш каарман Баатыркан ойдон чыгарылган көркөм образдагы каарман эмес. Ал көлдүн тескейиндеги Алагөз, Каба элинин эр азаматы Баатыркан бабам болгон. Баатыркан бабамдын өмүрү үч заманга туш келген көп окуяларды өзүнө камтыган. Алар: Кокон хандыгынын учуру, орус падышачылыгынын оторчулук учуру, Сталиндик репрессиянын учуру.

Эл ичинде Баатыркан бабабыздын атын угушканы менен анын элге кылган эмгеги жөнүндө билгендер сейрек кездешет. Айрым учурда ал кишини Ысык-Көлдүн чыгышындагы бугу элинин тумак уулунан чыккан Батыркан ажы менен да чаташтырып жүргөндөр кездешет. Мен Батыркан ажынын арбагына шек келтиргим келбейт, анткени, ал киши да өз доорунун мезгилинде эли-журтуна эмгеги сиңген инсандардын бири. Ал

эми биз сөз козгоп жаткан Баатыркан бабабыз эл оозунда Саяк Баатыркан деп аталып келген. Бирок, эл басып өткөн жол ошол элдин тарыхы болгондон кийин Баатыркан бабабыздын тарыхтагы орду биздин тарыхчыларыбыз тарабынан такталып берилсе. Ал киши турмуштун татаал кыйынчылыктарынын мезгилинде эл башкарып, элин баккан адамдардан болгон.

Баатыркан бабабыз карапайым букарадан чыккан, дыйканчылыкты эриш-аркак ала жүргөн болуштардан болгон экен. Ал кишиге учурунда Шабдан баатырдын батасы тийип, дөөлөтү артып, тескейлик саяктардын ээси болуп калганын карыялар эскеришер эле.

Үркүндө Кытай жерине барып, ал жактан көптөгөн оорчулукту, жаманчылыкты баштан кечирип, тындыгынан, элге-журтка кадырынын барынан, ары сөз билги жана иш билги акылынын аркасы менен элин аман-эсен алып келген деп карыялар көп кеп кылышаар эле. Баатыркан бабабыз жөнүндө, анын кара кылды как жарган калыстыгы, кара букаралардын таламын коргой билгендиги, улуу жана кичүүнүн акыл-оюн уга билгендиги өтө эле көп айтылат.

1916 –жылы июль айында бүтүн Жети-Суу облусу көтөрүлүштүн кучагында калган. Көл аймагында көтөрүлүш август айында башталган. 9-августа Боом капчыгайынын күн чыгышында Балыкчыдан анча алыс эмес жерде Ибраим Төлөев баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү 178 мылтык жана 30 миңден ашуун патрон жүктөлгөн алты арабаны Караколго алып бараткан жерден колго түшүрүшөт. Мына ошол колго түшүрүлгөн мылтыктан Баатыркан бабабыз Шабдан баатырдын уулу Мөкүшкө киши жиберип суратып алган. Кийин Кытай жерине качканда ошол мылтыктардын жардамы менен кубалаган падыша аскерлеринен эли- журтун коргоп жүрүп олтурган деп Баатыркан бабабыздын кичүү байбичеси Зуура энебиз көп кеп кылчу экен. Баатыркан бабабыз тескейлик элдин башында туруп көтөрүлүшкө жетекчилик кылган. Кийин көтөрүлүш күч ала баштаган мезгилде жалпы журт Баатыркан бабабызды хан шайлап, улуттук-көтөрүлүштүн жетекчиси катары тааныган.

**Жалыев Нурсултан:** “Ошол эле учурда Сарыбагыш жана Атаке болуштуктарында чыккан көтөрүлүшчүлөр Кеминдеги Новороссийское кыптагын, казак-орустардын Самсоновка стандиясын курчап турган. Август айынын орто ченинде көтөрүлүш Пишпек уездинин 12 болуштугун кучагына алат. Ысык-Көлдө, Таласта да көтөрүлүшчүлөр күч алат.

Көтөрүлүшкө Тенир-Тоодогу кыргыздар да активдүү катышкан. Кочкор өрөөнү бул жактагы көтөрүлүштүн чордонуна айланат. Көтөрүлүшчүлөр болуш Канат Убуке уулун (Канат Абукин) хан көтөрүп, өздөрунүн башчысы кылып шайлашкан жана ага баш ийүүгө ант беришкен. Ал 30~40тай барданке, бинтон, кош ооз түтөтмө мылтык, негизинен шыргыйдан жасалган найза, айбалта менен куралданган 2-3 миндей аскери менен август айынын башында Кочкордон Шамшынын бели аркылуу Чүйгө аттанган.

Канат хандын стратегиялык урушту так бялген, саясий жетекчилик кыла турган билимдүү адамы болгон эмес. Канаттын аскерлери Чүйгө түшүп туш келген орус кыштактарына кыргын салган. Анын аскерлери адегенде эски Токмокту каратып, чоң Токмок шаарын 13-22-августта он күндөй камоого алган.

Канат хан жетекчилик кылган көтөрүлүшчүлөр Алматы менен Ташкенден келген 1,6 миң падыша аскерлери менен беттешкен. Өтө начар куралданган кыргыз көтөрүшчүлөрү замбирек, мылтык менен куралданган регулярдуу аскер бөлүктөрү менен жан аябай салгылашып эрдиктердин үлгүлөрүн көрсөтүшкөн, алардын көпчүлүгү эркиндик үчүн баатырларча курман болушкан.Көл кылаасындагы көтөрүлүш да өтө курч мүнөздө өткөндүгү менен айырмаланган. Бул жактагы көтөрүлүш 5августта башталып, 10-августта бүткүл Ысык-Көл ойдукун, Каркыраны кучагына алат. Каркырадагы көтөрүлуштө кыргыздар, казактар, уйгурлар жана дуңгандар ал жактагы 500дөн ашуун дүкөнчөлөрдү талкалашкан.

11-августта кыргыздар менен дунгандар биргелешип Караколго чабуул коюшкан. 13-14-августта көтөрүлүшкө Челпек, Бөрүбаш айылдарындагы сарт-калмактар да активдүү катышышкан.

Көтөрүлүш башталаары менен эле анын Түркстанга тарашынан корккон падыша өкмөтү согушуп жаткан армиядан генерал А. Н. Куропаткинди чакыртып, аны Түркстандын генерал-губернаторлугуна дайындаган. 1916-ж. 17-июлунда Түркстанда согуштук абал жарыяланып, согуш министринин буйругу менен Түркстанга 11 батальон, 3,3 миң казак-орус жөнөтүлгөн. Алар 42 замбирек, 69 пулемет менен куралданган.

Падыша өкмөтү Сыр-Дарыя, Самарканд, Фергана областтарындагы көтөрүлүштөрдү июль айынын аягында басып коюуга жетншкен. Жети-Суу областы жогорку областтардан келгин дыйкандардын көптүгү, ошого жараша жергиликтүү элдии келгиндер тарабынан көбүрөөк кордук көрүп, жер-суу маселесшшн өтө курчуп кеткендиги менен өзгөчөлөнүп турган. Жети-Сууда көтөрүлүш башка областтардагы козголоңдор басылып калганда башталгандыктан, орус төбөлдөрү Түркстандагы куралдуу күчтөрдүн баарын аталган областтагы көтөрүлүштү басууга жумшаган. Жалпысынан алганда, Жети-Суудагы көтөрүлүштү басуу үчүн Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагынан күчтүү куралданган 6530 аскер келген, алардын 1105 атчан аскерлер болгон. Кийинчерээк согуш министринин буйругу менен дүйнөлүк биринчи согушта согушуп жаткан аскерлерден 2 орус-казак полку, 240 атчан чалгынчылар, 16 замбирек жана 47 пулемет кошумча жөнөтүлгөн. Мындан тышкары келгин дыйкандардын 43 проценти буга чейин эле куралдандырылганын айтканбыз".

**3-топ. Көтөрүлүштүн жеңилип калышы жана Кытайга качып баргандан кийинки кыргыз элинин тагдыры (Ж.Турусбековдун "Ажал ордунда" драмасынан үзүндү көргөзүлдү)**

**Кубанычбек кызы Айгерим:**

“1916 ж. 15-августунда Жети-Суу областынын аскер-губернатору М. А. Фильбаум орус дыйкандарынан көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн атчан жана жөө кошуундарды түзүү жөнүндө көрсөтмө берген. Түркстандын генерал-губернатору А. Н. Куропаткин көтөрүлүшчүлөрдү жазалоону женилдетүү үчүн 1916-ж. 12-августунда убактылуу аскер талаа сотторун түзүүгө буйрук берген.

Айры, чалгы, найза, кылыч, союл, барданке, бараң, бир аз мылтык менен куралданып, чаржайыт көтөрүлгөн элди басып коюш, падыша аскерлери үчүн анчалык кыйынчылыкка турган эмес. Кыргызстандын ар кайсы чөлкөмүндө чыккан көтөрүлүштөрдү мыкты куралданып, согуш тактикасына үйрөнгөн казак-орустар өтө канкордук менен жазалап, кыйратып турган. Августтун аягында Пржевальскиден анча алыс эмес жерде көтөрүлүпгчүлөр менен жазалоочулардын ортосунда акыркы ири салгылашуу болгон. 21-августта бул жерде 4 миндей көтөрүлүшчү он, сол канат болуп душманга бир нече ирет чабуул коюшкан. Ал эми 28-августта Түптөгү салгылашууга 7 миндеи ашуун көтөрүлүшчүлөр катышкан. Сентябрь айында падыша аскерлери менен майда кагылышуулар гана болбосо, көтөрүлүш негизинен жеңилген. Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз басууга, жергиликтүү элди кырып-жоюп, мал-мүлкүн тоноп, айылдарын өрттөөгө көрсөтмө берген.

Келгин дыйкандарга көтөрүлүштүн натыйжасындагы чыгымдарын көтөрүлүшчүлөрдүн мал-мүлкү аркылуу толуктап алууга уруксат берген. Ал эми аскер-талаа соттору көтөрүлүшкө катышкандарды атууга өкүм чыгарышып, ошо замат өкүмдү аткарып турган.

Жазалоочу отряд жана аларга жардам берген келгин дыйкандар көтөрүлүшчүлөрдү гана эмес, көтөрүлүшкө катышпаган тынч элди, кары-картан, жаш балдарды, аялдарды кыргынга учураткаи. Мисалы, Беловодскидегн 500дөн ашуун кыргыздарды көтөрүлүшкө катыштыңар деп, сарайга камашып, эртеси баарыи мыкаачылык менен өлтүрүшкөн. Ушундай эле окуя Ысык-Көлдүн башындагы Теплоключенка айылында болуп, 500дөй киши өлтүрүлүп, 100дөн ашык адамдын өлүгү Ак-Суу суусуна ыргытылган. Пржевальск шаарындагы жергиликтүү 700 дунгандан 6 гана киши тирүү калган”.

**4-топ. Көтөрүлүш архивдик материалдарда деп аталат.**

**Океева Майрам:** Мен тарых илимдеринин кандидаты К.Молдокасымов жарыялаган 1916-жылы Орус падышачылыгынын башкаруучулары тарабынан жазылган архивдик материалдарга кайрылгым келет:

“1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөштүн 100 жылдыгына арналган бул баяным ошол учурдун тарыхый чындыгын ачыкка чыгарган, жүрөк титиреткен архивдик бир документтин тегерегинде болмокчу. Улуу Үркүндү баяндаган көптөгөн архивдик документтердин арасында бул өзгөчө айырмаланып турат. Казакстан республикасынын Алма-Ата шаарындагы Борбордук мамлекеттик архивинин 44-фондунда, Ташкенттеги Өзбекстан

республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин 1-фондусунун 27-каттамынын 246-номурлуу иш кагазында бул документ күнү бүгүнкүдөй сакталуу турат. Мазмундары бирдей. Документ “1916-жылы козголоңго катышкан кыргыз жана казактарды Нарын чөлкөмүнө көчүрүү жөнүндө жана алардын жерлерин орус келгиндерине өткөрүп берүү жөнүндө Түркстан чөлкөмүнүн генерал-губернатору А.Н. Куропаткиндин төрагалыгы алдында, 1916-жылдын 16-октябрында өткөн кеңешменин протоколу” деп аталат. Кеңешме Жети-Суу облусунун борбору Алма-Ата шаарында өткөн. Анын ишине генерал-губернатор А.Н. Куропаткин, Жети-Суу облусунун аскер губернатору М.А. Соколов-Соколинский баш болгон 13 мыкчыгер катышкан. Бул адамдар аталган жыйында Пржевальск, Пишпек, Жаркент уездиндеги көтөрүлүшкө чыккан элдин тагдырына байланышкан опурталдуу маселени талкуулап, чечим кабыл алышкан. Чечимди Орусия империясынын кыргыз элине жүргүзгөн оторчулук саясатынын жеткен чеги, тукум курут саясаты деп кароого болот. Анда ошол кеңешмеде талкууга алынган төрт маселеге кененирээк токтолсок. Ал:

1. Козголоң чыгарган кыргыздарды Пржевальск уездиндеги Ысык-Көлдүн тегерегинен, Кемин өрөөнүнөн жана Чүй чөлкөмүндөгү Пишпек уездинин бир бөлүгүнөн, Текес аймагынан жана Жаркент уездинен көчүрүү (тазалоо - К.М.) жөнүндө.
2. Козголоң чыгарган кыргыздарды Нарын чөлкөмүнө көчүрүү менен ал аймакка өз алдынча Нарын уездин негиздөө жөнүндө.
3. Козголоң чыгарган кыргыздарды көчүргөндөн кийин бошогон жерлерге калкты жайгаштыруу жана жалаң орус калкынан турган Пржевальск уездин түзүү жөнүндө.
4. Верный уездиндеги казак-орустарды жерге жайгаштыруу жөнүндө, деген маселелерден турган.

Биринчи маселе боюнча сөздү генерал-губернатор Куропаткин өзү баштап, козголоң чыгарган кыргыздардын пайдалануудагы жерлери бүт алынып, ал жерлер орустарга берилүүсү керек деген сунушун ортого салган. Ошондой эле ал Ысык-Көлдүн түндүк, түштүк жээги жагынан жаңы чек ара андагы кырка тоолор аркылуу аныкталышын баса белгилеген. Башкача айтканда Ысык-Көлдүн тегерегинде жашаган бүтүндөй кыргызды жаңы белгиленген чек арадан ары чыгарып, тазалоо зарылдыгы айтылган. Ошондой эле, Пишпек уездинде, анын ичинде өзгөчө Кемин өрөөнүндө козголоңго чыккан кыргыздардын бүт бардыгын, Чүй өрөөнүндөгү жергиликтүү элдин көпчүлүк бөлүгүн көчүрүү зарыл деп табылган. Демек аталган уездерде кылымдардан бери жашап келген 37330 түтүн кыргыз 2510361 теше жеринен биро толо тазаланып, бүт көчүрүлмөк болгон. Генерал-губернатордун бул сунушу кеңешмеде бир добуштан колдоо таап, чечим кабыл алынган. Бул чечимди чечмелөөнүн зарылдыгы жоктой. Кеңешменин күн тартибиндеги экинчи маселеге ылайык, Пржевальск, Пишпек уездиндеги козголоңго катышкан кыргыз болуштуктарындагы элдин бардыгы Нарын аймагына көчүрүлмөк болот. Пишпек уездинде бөтөнчө

айыптуу деп табылган Сарыбагыш, Атаке болуштугундагы эл кабыл алынган чечим боюнча башка айылдарга катталуу менен түрдүү болуштуктарга таратылып, андан соң Балхаш көлүнөн ары сүрүлмөк. Аларды Нарын аймагына көчүрүүнү да ыраа көрүшкөн эмес. Ошол учурда Нарын чөлкөмүнө Пржевальск уездинен 9325 түтүн, Пишпек уездинен 3846 түтүн эл кыргындан качып, баш калкалап туруп калган. Ага кошумча дагы 37355 түтүн кыргыз көчүрүлүп, тоолуу Нарын чөлкөмүндө 50526 түтүн эл жашасын деген бүтүм чыгарылат. Демек, бул катаал аймакка 252 миңдин тегерегинде кыргыз күч менен сүрүлүп, Атайке жана Жумгалда эки приставы болгон өз алдынча Нарын уездин түзүү маселеси чечилген. Уезддин борбору катары Нарын шаары бекитилген. Эки уезддин элин Нарын чөлкөмүнө көчүрүү, 250 миңден ашык кыргызды табияты катаал аймакка сүрүп чыгаруу Орусия империясынын эң кыянатчыл саясаты болгон. Бул АКШда индеецтерге жасалган кыргындуу саясаттан да ашып түшкөн. Анткени Падышалык Орусия Кыргызстанга оторчулук саясатын жайылтуу, келгиндерди жерге жайгаштыруу боюнча алдын-ала иликтөө жүргүзүп Нарындын катаал шарты келгиндердин жашоосу үчүн ыңгайсыз деп табышкан. Ошол ыңгайсыз жерге кыргыздарды жайгаштыруунун арты эмне менен аяктаарын ар бир окурман өзү чечмелесин.Ал эми үчүнчү маселе боюнча, козголоң чыгарган кыргыздар Ысык-Көлдүн тегерегинен тазалангандан кийин ал жерлерге ар бири 60 түтүндөн кем эмес 5 казак-орус станцияларын түзүү пландалган. Бошотулган калган жерлерге жалаң гана орустарды жайгаштыруу бышыкталган. Натыйжада, Ысык-Көлдүн айланасы кыргыздардан толугу менен тазаланып, бир өңчөй славян калкынын өкүлдөрү жашаган уездге айлануусу чечилген. Мындан соң төртүнчү маселе өзүнөн-өзү чечилмек. Ошентип 1916-жылдын 16-октябрында өткөн кеңешмеде коюлган бардык маселелер бир добуштан кабыл алынып, боштондук үчүн күрөшкө чыккан кыргыздардын тагдыры ырайымсыздык менен чечилген.

Тилекке каршы 1917-жылы Орусия империясында башталган саясый окуялар, эки революция 16-октябрдагы кеңешменин чечимдеринин аткарылышына жол бербеди. Ал эми архивдик бул документ өткөндүн оор күндөрүн эске салган тарыхый чындык катары сакталып кала берди. Эркиндик деген ыйык сөздү эстегенде, ал бархталбай жаткан азыркы учурда бул документ өткөндү эске салган улуу сабак, унутулгус окуя!”.

**3–этап. Талкуу үчүн суроолор:** (Суроолорго окумуштуулар жооп берүү менен окуучулардын изилдөө иштерине анализдерин беришти)

1. 1916-ж. Падышанын указы чыкпаса көтөрүлүш башталбайт беле?
2. Эмне үчүн эл көтөрүлүшкө чачыранды чыгышкан?
3. Кыргыз журт башчылары падышачылыктын кыргыздарды көчүрүү саясатын билди беле?
4. Азыркы Оруссия мамлекети 1916-ж. көтөрүлуштү падышачылык мыкаачылык менен басып, элди аёосуз кыргандыгына жооп бере алабы?

5. Кытайга качкан кыргыздардын ашууларда кырылып, сөөктөрү ачык асман алдында көмүлбөй калганы айтылып жүрөт, ошол сөөктөрдү өзүнүн ырым-жырымдары менен жерге берүү ырымы жүргүзүлөбү?

**4 – этап: Мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү:**

1916-жылдагы көтөрүлүш Кыргызстандагы ири улуттук-боштондук кыймыл болуу менен кыргыз элинин коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуялардан болгон. Көтөрулушкө кыргыздардан тышкары жергиликтүү элдердин өкүлдөрү катышкан.Көтөрүлүш жеңилип, өтө мыкаачылык жол менен басылганына карабастан Түркстан чөлкөмүндөгү колониялык бийликти кыйла бошоңдоткон, эл эркиндик үчүн күрөштүн болуп көрбөгөндөй тажрыйбасына ээ болгон. Кыргыз элинин ата-бабадан мураска калган жерине толук ээ болууну, эркиндикти, теңдикти эңсеген бул күрөшү Кыргызстан тарыхынын маанилүү булагы катары бааланат.

**5 – этап: Үйгө тапшырма:**

Үркүн боюнча адабий китептерди окуп, ал боюнча өз пикириңерди жазып келүү.